22. Математические методы в историко-экономических и историко-культурных исследованиях (1977) [Mathematical methods in historical-economic and historical-cultural studies]. М.: Наука. 384 с.
23. Математические методы в социально-экономических и археологических исследованиях (1981) [Mathematical methods in socio-economic and archaeological research]. М.: Наука. 416 с.
24. Савелева И.М., Полетаев А.В. (2003) Функции истории [History Functions]. М.: ГУ ВШЭ.40 с.
25. Савельева И. М.(2017) Историческая наука в XXI веке: ключевые слова [Historical science in the XXI century: keywords]. Диалог со временем. №. 58. С. 5-24.
26. Современные методы изучения исторических источников с использованием ЭВМ. (1987). [Modern methods of studying historical sources using computers]. Учебное пособие. М., Изд-во МГУ. 87 с.
27. Селунская Н.Б.(2021) Методологические знание и профессионализм историка [Methodological knowledge and professionalism of the historian]. Астана: Цифровая библиотека Казахстана (BIBLIO.KZ). URL:https://biblio.kz/m/articles/view/

УДК 93\94

**Жолдошева Анара Аттокуровна**
улук окутуучу, магистр
**Шарипова Роза Зулуновна**-ф.и.к.,доцент
Ош мамлекеттик педагогикалык университети

## УЧУРДАГЫ ТАРЫХЫЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАКСАТЫ

**Жолдошева Анара Аттокуровна**
старшый преподаватель, магистр ОшМПУ
**Шарипова Роза Зулуновна**-к.ф.н., доцент

## ЦЕЛЬ СОВРЕМЕННОГО ИСТОРИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

**Zholdosheva Anara Attokurovna-**
senior teacher,master OshMPU
**Sharipova Roza Zulunovna-**
candidate of philosophy

## THE PURPOSE OF CURRENT HISTORICAL EDUCATION

**Аннотация.** XXI кылымдын башы билим берүү системасы үчүн чоң өзгөрүүлөрдү алып келди. Глобализация, технологиялардын өнүгүүсү жана маалыматка жеткиликтүүлүк мектептик билим берүүнүн, анын ичинде тарых сабагынын мазмунуна жана методологиясына олуттуу таасирин тийгизди. Бул макалада XXI кылымдын башында мектептик тарыхый билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү, кыйынчылыктары жана келечеги талкууланат. Тарых сабагы коомдун маданий мурасын сактоо, окуучулардын критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жана өз улутунун тамырларын түшүнүү үчүн маанилүү. XXI кылымда тарыхый билим берүү глобалдык көз караштарды калыптандыруу менен, маданияттар аралык түшүнүшүүнү өрчүтүүгө чоң салым кошот. Тарых аркылуу окуучулар өзүнүн маданиятына, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга көз карашын калыптандырат. Алар тарыхый окуяларды сын көз караш менен карап, алардын себептери жана натыйжаларына анализ жүргүзүүгө үйрөнүшөт.

**Ачкыч сөздөр:** мектеп, билим берүү, окуучу, тарых, ой жүгүртүү,сабак, тарбиялоо.

**Аннотация.** Начало XXI века принесло большие изменения в систему образования. Глобализация, технологическое развитие и доступ к информации оказали значительное влия-

ние на содержание и методику школьного образования, включая уроки истории. В данной статье рассматриваются особенности, проблемы и перспективы школьного исторического образования в начале XXI века. Уроки истории важны для сохранения культурного наследия общества, развития критического мышления учащихся и понимания корней своей нации. В XXI веке историческое образование вносит большой вклад в развитие межкультурного взаимопонимания, формируя глобальные перспективы. Через историю у учеников формируются взгляды на свою культуру, национальные и общечеловеческие ценности. Они учатся критически смотреть на исторические события и анализировать их причины и следствия.

**Ключевые слова:** школа, образование, ученик, история, мышление, уроки, воспитание.

**Annotation.** The beginning of the 21st century brought great changes to the education system. Globalization, technological development and access to information have a significant impact on the content and methods of school education, including history lessons. This article examines the features, problems and prospects of school history education at the beginning of the 21st century. History lessons are important for preserving the cultural heritage of a society, developing students' critical thinking and understanding the roots of their nation. In the 21st century, history education makes a major contribution to the development of intercultural understanding, shaping global perspectives. Through history, students form views on their culture, national and universal values. They learn to look critically at historical events and analyze their causes and consequences.

**Key words:** school, education, student, history, thinking, lessons, education.

Тарых адатта адамдын таанып билүүсүндө дайыма өзгөчө орунду ээлеп келет.

Белгилүү окумуштуу А.Т.Кинкулькин өз учурунда тарыхка төмөнкүдөй аныктамасын берген: «Тарых бул азыркы учурду таанып билүү, өнүгүүнүн келечегин аныктоо (башкача айтканда, «өткөн, азыркы учур, келечек») жолуна пайдубал катары кызмат кылган, өткөн мезгил жөнүндөгү илим» [2.58-59-б].

Ошентип, тарых илим катары үч ченем менен : «өткөн, азыркы учур, келечек» менен толтурулган. Анын башкы өзөгү — өткөн. Ал абдан эле бай жана сабак аларлык, демек, кызыктуу жана пайдалуу. «Өткөндү билбөө, - деп белгилейт көрүнүктүү француз тарыхчысы Марк Блок, - азыркыны таанып-билүүгө гана зыян келтирбестен, азыркы учурдагы ишмердиктин бардык аракеттерине да коркунуч келтирет»[3.26-б].

Өткөнгө кайрылуу адамга таанып билүүнүн, дүйнөдөгү жана ар түрдүү мезгилдеги (өткөн-азыркы учур -келечек) ордун, өзүнүн баалуулук багыттарын аныктоо үчүн кызмат кылат. Тарых- жүрүм -турумдун мектеби. Адамдар өткөндөн керектүү үлгүлөрдү издейт жана табат. Тарыхтын тажрыйбасы — кээде аңдабастан эле колдонгон ишенимдүү ориентр. Айрым адамдар жана бүтүндөй элдер өздөрүн ушундай алып жүрүшөт». [1.29-30-б].

Тарыхты профессионалдык деңгээлде окуп үйрөнбөгөн окумуштуу адам деле өткөндөгү окуяларды, ошол мезгил үчүн кандай мааниге ээ болгонун аңдабай туруп эле билиши мүмкүн, Тарыхчы «маданий коммуникациянын арачысы» болуп саналат, б.а. аны башкы милдети — тарыхтагы фактынын же көрүнүштүн жана азыркы учур менен байланышын түзүү. Ал өз замандаштарына тарыхый фактылардын жана көрүнүштөрдүн жоголуп кеткен маанисин түшүндүрүүгө тийиш.

Жалпыга билим берүүчү мектептердин учурдагы маанилүү милдеттеринин бири окуучуларга билим берүү менен гана чектелбестен өз алдынчалуулукка ээ, турмушка даяр, маданияттуу, өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөмдүү о.э. социалдык активдүү жаранды тарбиялоо болуп саналат.

Мектеп бир эле учурда окуучунун инсандык сапаттарын калыптандыруу менен аны өзгөрүп бараткан дүйнөдө, экологиялык-маалыматтык коомго даярдап, өз ара алака-мамиленин заманбап формаларына үйрөтөт. Анткени инсан улам көбөйүп бараткан маалыматтар агымында өз багытын таба билүүгө жана натыйжалуу чечимдерди кабыл алуу сыяктуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө тийиш экендиги баарыбызга маалым. Мында тарых сабагы гана окуучунун саясий көз карашын жана жарандык позициясын калыптандырууга, социалдык жактан адаптацияланууга зарыл болгон билимди бере алат десек болот.

Ал эми учурдагы мектептердеги тарыхый билим берүүнүн жана анын өнүгүү тарыхын изилдөө мындан ары окутуунун жаңы концепцияларын иштеп чыгууга, багыттарын негиздөөгө, максатын жана милдеттерин белгилөөгө мүмкүнчүлүк берет. Анткени мектептердеги тарыхый билим берүүнүн максаттарын так белгилөө, окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга, окуучулардын кызыгуусун арттырууга жана алардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана ыктарынын өнүгүүсүнө, компетенттүүлүктөрүнүн калыптануусуна шарт түзөт десек жаңылышпайбыз.

Классикалык тарыхый билим берүүдө **«тарых»** терминининин өзү арабдардын **«тарих»** деген сөзүнөн келип чыгып, ал өткөндөгү окуялар тууралуу аңгеме, билгенин , изилденгенди баяндоо дегенди түшүндүрөт. Негизи тарых илим катары эмнени элестетет деген суроого кыска жана жөнөкөйлөштүрүлгөн түрдө жооп бере турган болсок, анда төмөндөгүдөй аныктаманы алабыз. **Тарых – бул өткөндөгү социалдык реалдуулук тууралуу теориялык мүнөздөгү адистештирилген илимий билим.**

Тарых илими негизинен адамда ой жүгүртүүнүн жана көз караштардын кеңдиги, сабырдуулук, жарандык кайраттуулук жана адам коомуна зарыл болгон маанилүү инсандык сапаттарды тарбиялайт десек болот. О. э. тарыхый билим жаштарды карама-каршылыктарга толгон дүйнөдө өз алдынча жашоого даярдайт, түрдүү маданий, этникалык жана диний каада-салттарга бай адамдардын өз ара түшүнүшүүсү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт. Жеке адамдын өзүн белгилүү бир өлкөнүн жана региондун өкүлү катары гана эмес, дүйнөлүк коомчулуктун өкүлү катары сезүүсүнө жардам берет.

Инсандын коомдук ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, биринчи кезекте, өткөндү жана азыркы учурду сынчыл анализдөөгө, тарыхый булактардын негизинде өз корутундуларын жасай билүүсүнө жардам берет. О. э. Тарых тарыхый окуяларга моралдык баа берүүнүн татаалдыгын көргөзүп, окуучунун алдындагы адеп-ахлактык тандоо проблемасын коюуга тийиш. [1.33-б]. Азыркы учурдагы мектептердеги тарых сабагы окуучуларды жалан гана тарыхый фактыларды эсинде тутуп калууга эмес, көп сандаган тарыхый маалыматтардын арасында адашып калбай, өз алдынча багыт ала билүүгө, тарыхый көрүнүштөрдүн ортосундагы себептик-натыйжалык байланыштарды таба билүүгө, тарыхый процесстеги эң маанилүүлөрүн экинчи даражадагыларынан бөлө билүүгө үйрөтүүгө тийиш.

Тарыхыйлуулук — ар бир тарыхый учур үчүн кайталангыс болгон өткөндүн окуяларын өз ара байланышта түшүнүү жана баалоо. О. э. бир бүтүндүк сыяктуу дүйнөнүн жана коомдун дайыма өзгөрүлмөлүүлүгүн аңдап билүүгө, коомдук көрүнүштөрдүн пайда болуу, өнүгүү жана жок болуу процессин өз алдынча анализдеп түшүнүүгө тарбиялашы зарыл. Элдердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнүн жана патриотизмдин негизинде гуманизмдин идеяларын, адам укуктарын жана демократиялык баалуулуктарды кабылдоонун багыттарын калыптандырууга тийиш. Мектептик тарыхый билим берүүнүн билим берүүчү жана тарбиялоочу милдеттерин туура чечүүдө түрдүү деңгээлдеги окуучулардын психологиялык-жаштык өзгөчөлүктөрүн эсепке албай туруп жетишүүгө мүмкүн эмес. Ал эми патриотизмди түрдүү элдердин тарыхы, маданияты менен тааныштырбай туруп, түрдүү маданияттардын бири-бири менен тыгыз байланышта гана баюусунун туруктуу мүнөзүн түшүндүрбөй туруп элестетүүгө мүмкүн эмес. Анткени окуучу өзүнүн эли же улуту-дүйнөлүк цивилизациянын бир бөлүгү экендигин түшүнүүгө тийиш. Тарыхты түзүүчү бир нече муунду алмаштырып келе жаткан адам болуп саналат, ошондуктан, тарыхты гумандаштыруу деген, аны адамзаттык келбетке келтирүү дегенди билдирет. Ошондуктан тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөрдү таанып билүү, тарыхый проблемаларды чечүү, тарыхтын маңызын түшүнүү деген так эмес абстракцияларды колдонуу жолу менен эмес, адамды жана анын жан дүйнөсү аркылуу өтүү жолу менен жүрүүгө тийиш экендиги маалым болгонсуду. Өткөндүн жана азыркынын байланыш проблемасы мектептик тарыхый билим берүүдө өзгөчө орунду ээлейт. Тарыхты окуп үйрөнүүдө колдонулган тарыхый салыштыруунун, ретроспективанын жана башкалардын жолдору окуучуга окуянын жана мезгилдин байланышын сезип билүүгө жардам берген методологиялык инстру-

ментарийди түзөт. Мектеп курстарында адамдардын көз караштарын, мамилелерин, кылык-жоруктарын жана иш аракеттерин, алардын күнүмдүк жана түбөлүктүүлүк жактарын ачып берүү, дидактикалык мааниде алганда тарыхтын актуалдуулугун күчөтөт. Мында, окуу китептеринин авторлору жана мугалимдер тарбынан айрым учурларда жол берилген бир тараптуу саясатташтырылган актуалдаштыруудан сактануу керек.

Мектептеги тарых сабагында бүгүнкү күнгө чейин болуп өткөн, болуп жаткан жана адис-тарыхчылар тарабынан али изилденбеген, алар тарабынан баа берилбеген окуялар да каралат. Бул сыяктуу материалдарды окуу китебине киргизүү, аларды сабактарда талкуулоо, биринчи кезекте, окуучулардын илимий көз караштарын калыптандырууда милдеттер менен шартталган. Окуучулар алар менен иштеп жатып, өткөндүн жана азыркынын байланыштарынын көп түрдүүлүгүн көрсөзмөлүү элестетүүгө, өзүнүн таанып билүү ишмердүүлүгүндө бул байланыштардын айрым механизмдерин айкындоого, тарыхый билимдерди айлана-чөйрөдөгү көрүнүштөрдү анализдөөгө жана баалоого үйрөнүшү зарыл. Бул үчүн соңку жаңы мезгилдин тарыхы сабактарында өлкөдөгү жана дүйнөдөгү болуп жаткан окуялар жөнүндө өзгөчө кеңири чөйрөдөгү материалдар берилет. Мектептик тарыхый билим берүү, эреже катары, окуучулардын аң сезиминде, андан ары тарыхка жана азыркы учурга карата өз мамилесин салыштырган, өзүнчө бир «матрицаны» түптөйт.

Тарыхый билим берүү, Марк Ферро көрсөткөндөй дайыма жана бардык жерде тигиндей же мындай деңгээлде идеологиялашкан болот. Мында маселе, бул идеология мамлекеттеги бардык жарандардын, же жок дегенде, түрдүү социалдык топтордун кызыкчылыктарын канчалык чагылдыра алат дегенинде турат.Ошондуктан, коомдогу түрдүү коомдук, социалдык жана этникалык топтордун (ошонун ичинде, билим берүү чөйрөсүнүн) өкүлдөрүнүн ортосундагы консенсусту, көз караштардагы жакындыктарды табуу зарыл. Аны жүзөгө ашырууга болот, анткени, билим берүү этникалык маданий баалуулуктар болуп эсептелбеген билимдерди (математика, физика, химия, астрономия, геология, техника ж.б.у.с.) берүү мүмкүнчүлүктөрдү караштырат.

Мындай жетишкендиктер демократиялык мамлекеттин түздөн-түз ийгилиги болуп саналат. Мисалы, Швейцарияда унификацилоого барбай туруп, мультимаданияттуу жарандык союздагы этникалык чыңалууну болтурбай койгонго кудурети жетиштүү федерация түзүлгөн.

Учурдагы б. а. XXI кылымдын башындагы биздин мектептердеги тарыхый билим берүү окуучуларды глобалдык коомдун активдүү мүчөлөрү катары тарбиялоону көздөйт. Андагы жаңы технологиялар жана методдор тарыхый билим берүү процессин байытып, окуучулардын тарыхка болгон кызыгуусун арттырууга тийиш. Бирок, бул багытта учурда кыйынчылыктар дагы жок эмес. Ошентсе да, мектептердеги тарых сабагы ар дайым коомдун интеллектуалдык жана маданий өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойной берет. Анткени тарыхый билим берүү дүйнө жүзүндө глобализациянын, тез өзгөргөн технологиялардын, жана социалдык трансформациялардын шартында жаңы мазмун жана ыкмалар менен байытылууда. Тарыхый билим берүү системасынын маанилүүлүгү окуучуларды билимдүү, маданияттуу, чыгармачыл жана социалдык активдүү инсан катары калыптандырууда негизги курал болуп кала берет.

Мектепте тарыхты окутуу — бул билим берүү процессиндеги жөн гана сабак эмес, бул жаштарды гумандуулукка жана демократиялык баалуулуктарга тарбиялоо. Окуучулар тарыхый тажрыйбаларды үйрөнүү менен келечектеги коомдун көйгөйлөрүн чечүүдө өз салымын кошо ала турган инсан болууга тийиш. Анткени тарыхый сабактардын мазмуну жана окутуу ыкмалары демократиялык коомдун фундаменталдык баалуулуктарын бекемдөөгө багытталууга тийиш.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Гулыга А.В. Искусство истории. - М.: 1980. -29-30-б.
2. Жыргалбекова Г.К. Тарыхты окутуунун методикасы Б.2010.
3. КинкульМарк Блок. Апалогия истории
4. Шапоринский С.А. Образование и научные знания. М. 1981.